MİKAD
MİLLÎ KÜLTÜR ARAŞTIRMALARI DERGİSİ

**Milli Kültür Araştırmaları Dergisi (MİKAD) / Cilt 6 - Sayı 1**

**Sorumlu Yazar:** Meder SALİEV / Niğde Ömer Halisdemir Üniversitesi, Fen-Edebiyat Fakültesi, Çağdaş Türk Lehçeleri ve Edebiyatları, Dr. Öğretim Üyesi
medersaliev1985@gmail.com

**ORCID ID**: 0000-0001-5800-570X

**Atıf**: SALİEV, M., (2022), Mitoloji-İnsan Kavramının Anahtarıdır, Milli Kültür Araştırmaları Dergisi. Cilt 6, Sayı 1, s. 152-158.

Gönderim Tarihi: 23 Mayıs 2022 / Kabul Tarihi: 15 Haziran 2022

Araştırma Makalesi
ISSN: 2587-1331
DOI: 10.55774/mikad.1120032
https://dergipark.org.tr/tr/pub/mikad

# МИФОЛОГИЯ-АДАМ КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН АЧКЫЧЫ

**Абстракт:** Бул макалада грек мифологиясынын негизинде жаралган Ч.Айтматовдун “*Кассандра тамгасы*” тууралуу сөз болмокчу. Айтматов башка Кассандрага байланышкан чыгармалардан айырмаланып, келечектеги түйүлдүктүн тагдыры тууралуу ой бөлүшөт. Кыргыз адабиятында ушул турмуштагы мифтикалык ойлордун уландысын Казат Акматов дагы өзүнүн «Архат» романында чагылдырат.

Чыңгыз Айтматовдун “*Кассандра тамгасы*” романынын адам тагдырына мифтикалык ой-жүгүртүүнүн негизинде коомдогу расизм, дискриминация, экологиялык маселелер, гумандыктан чыгып, жырткыччылык абалга өтүү сыяктуу адам баласынын жашоосундагы маселелерге токтолот. Аны менен катар Ч.Айтматов бул дүйнөгө келүү же келбөө сыяктуу түйүлдүктүн тандоосун анын келечектеги тагдырын эмне күтүп тургандыгына байланыштырат.

Ч.Айтматовдун “*Кассандра тамгасы*” романы Кыргыз коомунда тагдырга кийлигише алуу, алдын ала тагдыр тандоо мүмкүнчүлүгү тууралуу жазылган чыгармалардын алгачкысы болуп эсептелет. Чыгарма коомчулукта түрдүү пикир жараткан, өзгөчө адабият таануучулар арасында жаңычылыкты алып келген чыгарма катары бааланган.

Бул романдын жаңылыгы кыргыз прозасында жаңы өңүттөгү чыгармалардын жаралышына себеп болду, мисалы, Казат Акматовдун “*Архат*” романы да мистикалык окуяларга бай жана адамдын тагдырына байланышкан сюжеттер камтылган.

Жыйынтыктап айтканда, макалада Чыңгыз Айтматов менен Казат Акматовдун чыгармаларындагы тагдыр маселесинин мистикалык кубулуштарын анализ кылуу менен адабий баалуугуна токтолобуз.

**Ачкыч сөздөр:** Ч.Айтматов, Кассандра, Архат, кыргыз коому, чыгарма.

**MİTOLOJİ-İNSAN KAVRAMININ ANAHTARIDIR**

**Öz**

Bu makale, Cengiz Aytmatov'un Yunan mitolojisine dayanan "*Kassandra Damgası*" hakkındadır. Aytmatov, Kassandra ile ilgili diğer eserlerin aksine, gelecekteki fetüsün kaderini tartışıyor. Kırgız edebiyatında Kazat Akmatov, "*Arhat*" adlı romanında bu hayatın mitik düşüncelerini devam ettirir.

Cengiz Aytmatov'un "*Kassandra Damgası*" adlı romanı, insan kaderinin efsanevi bir yansımasından yola çıkarak ırkçılık, ayrımcılık, çevre sorunları ve insanlıktan vahşete geçiş gibi insan yaşamındaki konulara odaklanıyor. Aynı zamanda, Cengiz Aytmatov, ceninin dünyaya gelip gelmeme seçimini, gelecekte onu nelerin beklemekte olduğu ile ilişkilendirir.

Cengiz Aytmatov'un "*Kassandra Damgası*" adlı romanı, Kırgız toplumunda kadere müdahale olasılığı, kaderin seçimi hakkında yazılan ilk eserlerden biridir. Eser, halk tarafından, özellikle edebiyat eleştirmenleri arasında bir çeşitlilik kaynağı olarak kabul edildi.

Bu romanın yeniliği, Kırgız nesirinde yeni eserlerin ortaya çıkmasına neden olmuştur, örneğin Kazat Akmatov'un "*Arhat*" adlı romanı mistik hikayeler açısından zengindir ve insan kaderi ile ilgili entrikalar içermektedir.

Sonuç olarak bu çalışmada, Cengiz Aytmatov ve Kazat Akmatov'un eserlerindeki kader sorununun mistik fenomenlerini analiz etmekle birlikte edebi değerleri üzerinde durulmuştur.

**Anahtar Kelimeler:** Cengiz Aytmatov, Cassandra, Arkhat, Kırgız Toplumu, Eser.

## Кириш

Кассандра-грек мифологиясында Троя падышасы Приамдын кызы. Легендага байланыштуу Аполлон Кассандрага көзү ачыктык касиетти тартуулаган. Бирок Кассандрадан Аполлон сүйүүсүнө жооп ала албагандан кийин, анын алдын ала көзү ачыктык менен айткандары орундалганына карабастан, Кассандранын олуялыгына элди ишендирбей койгон. Гректер Трояны басып алгандан кийин Кассандра Агамемнонго туш болуп, Микенага алынып келинген. Кассандра Агамемнон менен бирге Агамемнондун аялы Клитемнестра тарабынан өлтүрүлгөн.

Бул гректердин байыркы мифологиясы. Гректин улуу жазуучулары Гомер, Есхил, Еврипиддин чыгармаларын эске албаганда, ушул мифологияга кайрылып француз жазуучусу Ла Кольпренед "*Кассандрасын*" (1642-1645), Шиллер "*Кассандрасын*" (1802), Ликофрон "*Кассандриадасын*", немец жазуучусу Криста Вольф "*Кассандра*" повестин жана Чыңгыз Айтматов "*Кассандра тамгасы*"[1] романын жараткан. Бул чыгармалардын ичинен немец жазуучусу Криста Вольфтун повести менен Чыңгыз Айтматовдун романы грек мифологиясынан адамзаттын бүгүнкүсү, эртеңкиси үчүн улуу сабак алууда жашоонун булагы катары пайдаланылган. Бирок жазуучулук көрөңгө, стиль ар жазуучуда ар башка болот эмеспи. "*Кассандра*" повестинде сюжет белгилүү мифологиянын негизинде өнүгүп, адам баласынын бүгүнкүсүнө, эртеңкисине тынчсыздануу подтекст аркылуу берилет. Ал эми «Кассандра тамгасы» романында мифологиялык сюжет берилбейт, бирок алдын ала билүүчүлүккө ишенбөө мотиви роман менен грек мифологиясынын ортосундагы жалпылыкты билдирип, адам баласына тынчсыздануу ачык-айкын да, подтекстте да катмар-катмар чагылдырылат.

[1] Айтматов, Ч. (1996). Кассандра тамгасы: Роман. (Которгон М.Төлөмүшев). Бишкек: Кыргызстан.

Чыңгыз Айтматовдо "*Кассандра*" мифологиядагы кыз эмес, адам да эмес, автор аны көзү ачыктыктын символу катары гана кабылдайт. Бул символ – эмбриондун жашоодон, жарык дүйнөгө келүүдөн, келечектеги жоопкерчиликтен, милдеттен баш тартуусун билдирген. Автор негативдүү кассандро-эмбрион символу аркылуу жарык дүйнөдөгү ыплас иштерден арылуу, тактап айтканда, келечекте боло турган каардуу согуштан, оору-сыркоолордон, экономикалык кризистерден, социалдык толкундардан, баңгиликтен, этника аралык согуштан, расизмден, экологиялык, энергетикалык катастрофалардан кутулуунун жолун көрсөткөн. Ушунун баары колдун иши, ушунун баарын адам өзү жаратат. Бул боюнча К.Асаналиевдин "*Асманда пайда болсо экинчи күн…*" аттуу макаласында: "Балким бул не бир кылымдардан бери болуп келген. Тукумдан тукум жаралган муундан муун өскөн. Бирок жазмыштын ушундай белгисин эч ким билген эмес. Натыйжада жер жүзүн каптаган жүзүкаралар, зөөкүрлөр адам баласынын тагдырын кыйындаткандан кыйындатып, оордогондон оордотуп отурат. Адамдагы ушул сапат кайдан келип чыгат, анын булагы кайда? Көрсө, адамдын дал өзүндө экен" (1995: 3) деген таамай сөзүн айткан. Адам башына түшкөн кырсыктардын масштабдары муундан муунга көбөйүүдө. Эгер адамзат коому келечегин ойлоп, ыйманын тазартпаса, Кассандра тамгасы эми өзүнүн Адам эмес, эки буттуу адам-айбан гана болуп жараларын билдирип жатат. Кассандро – эмбрион бул дүйнөгө келбейм деген каршылыгын көрсөтүп жатса, болочок эне үчүн коомго зыян келтирген, согушчан баланын төрөлүшү керекпи же жокпу? Эгерде ар дайым кассандро-эмбриондор негативдүү сигнал-белги бере берсе, адамдын укум-тукуму көбөйбөй калбайбы? Же тескерисинче, кассандро-эмбриондор дүйнөнү каптап кетишсе адам баласынын тагдыры эмне болот? Ушул өңдүү терең философиядагы трагедиялуу суроолор чыгарманын өзөгүн түзөт.

Чыңгыз Айтматов "*Кассандра тамгасы*" романындагы көтөрүлгөн глобалдык проблемалар, адам баласынын эртеңки жашоосун, тынчтыкта өмүр сүргөн бейкүнөө адамдардын өмүрүн кепилдикке алган алдын ала даярдык. Миллиондогон адамдардын өлүмүнө себепкер болгон Гитлер менен Сталин өңдүү жырткычтардан кутулуу. Тынч жаткан элге капыстан Космостон "*Трибюн*" газетасынын баш редакторуна келген кабар-факс адамбаласынын тарыхында дүйнөлүк масштабдагы сенсациялык мааниге ээ эле. Бул кабарды жарыялоо канчалык сыймык болсо, ошончолук деңгээлде жоопкерчилик милдети да турган. Анткени мында Космостогу Филофейден келген кабарды элге жеткирүү, алардын күтүлбөгөн кабар-факска болгон реакцияларына жооп берүү күнүмдүк газета-журналдардагы саясий иштер эмес эле. Ошол эле учурда күтүлбөгөн бул кабар бардык улутка, элге таандык, жалпы адамзаттык проблемалардын очогу болчу.

Айтматов бир эле учурда эки орчундуу проблеманы ортого коёт. Биринчиси, наристе жытын жыттайм деп мээрим төгүп, бала күткөн эненин жандан бүткөн баласынан айрылуу трагедиясы. Эне эми баласынан айрылуусу керекпи? Эгерде космостон келген бул белги үзгүлтүксүз келе берсе, энелерде энелик мээрим жоголбойбу? Канкор баланын бул жарык дүйнөдө энеден башкага зарылдыгы барбы? Ал эми экинчи маселе, жарык дүйнө босогосун аттаган баланын келечекте колуна ядролук курал алып дүйнөнү бүлгүнгө учуратышы жалпы адамзатты оор трагедияга кириптер кылат. Энелердин баласынан айрылуу маселеси оорбу же дүйнөнү тыптыйпыл кылуучу адам-айбандардан алдын ала кутулуу маселеси оорбу? Же болбосо адам-айбанды түйүлдүк мезгилинен баштап тарбиялап оң

жолго түшүрүүгө мүмкүнчүлүк барбы? Мунун баары Космос менен адам рухунун ортосундагы философиялык, психологиялык, этнопедогогикалык маанидеги күнүмдүк турмуштун “Адам болуу” маселеси.

Айтматовдун негативдүү кассандро-эмбриону адам коомунун тазалануусуна шарт түзүп жатат десек болот. Романдын баш каарманы футуролог Филофей Космостон тапкыч нурун жиберип кош бойлуулардагы негативдүү кассандро-эмбриондорду таап, алардан кутулуу пролемасын биринчи эненин, андан кийин коомдун алдына коюп жатат. Мифологиядагы Кассандранын көзү ачыктыгы менен Ч. Айтматовдун баш каарманы Филофейдин илимий эксперименталдык ачылышынын ички байланышы, кездешүү чекити алдыда боло турган көрүнүштөрдү алдын ала айтуу болуп саналат. Аполлон Кассандраны жазалаган сыяктуу эле, коом Филофейди, Боркту да жазалайт.

Коом негативдүү кассандро-эмбриондон тазаланууга даяр эмес эле. Ошол себептен Космос монахы Филофейдин теориясы жер жүзүн дүңгүрөттү. Мындай ачылыштан кабарсыз жаткан эл Филофейдин илимий эксперименталдык ачылышын абсурдга чыгарды. Космостогу Филофей менен адам коомунун ортосунда карама-каршылык негативдүү кассандро-эмбриондордон тазалануу, тактап айтканда, адамзаттын трагедиясыз жашоосун алдын ала түзүү мүмкүн эмес экендигинен кабар берип турду. Айтматовдун Кассандрасы-бул жеке адамдын, ошону менен адамзаттын тагдыры. Автордун Кассандрасы адамдын өзүндө, анын ички жана сырткы көрүнүшүндө. Ичкиси-али жарык дүйнөгө келе элек энелердин курсагындагы эмбриондор. Алардан адамзат эптеп кутулса болот, ал эми сырткы-жашоодо өмүр сүрүп жаткан эки буттуу адам-айбандардан кантип кутулат?!

Мындан отуз жыл мурун Ч. Айтматов: “Канткенде адам уулу Адам болот?” деп адамзатка суроо узаткан эле. Ушул улуу сөздү соңку мезгилде жарык көргөн “Казат Акматовдун “*Архат*”[2] романы айтматовдук идеяны улагысы келип, анын табышмактуу жандырмагын жер үстүнөн жана космостон изилдөөгө багыт алат. Албетте, реалдуу турмушта ал дегеле жер жүзүндө табылбайт. Ал эми фантастика, мистика аркылуу космосто, башка планетада табылышы ачык-айкын. Ошондуктан чыгарманын башынан аягына чейин Сириус жылдызына карай гравитациялык коридор аркылуу учуп кетүү идеясы орун алат” (2007: 33) деп белгилейт адабиятчы Акматалиев. Мында айтматовдук кассандро-эмбрион космостон келген тапкыч нуру аркылуу адилеттиги жок бул жашоодон келүүдөн баш тартса, К. Акматовдун “эмбриону” Сириустан келген сигнал аркылуу “Адамдык” жашоону таап, атайы адилетсиздик менен күрөшүүгө туулуп олтурат. Айтматовдун энени курсагындагы эмбриону менен Акматовдун Адилети адам коомун жамандыктан тазалоого умтулат.

Бүгүнкү күндө жеке адамдын тагдырына жана ааламда дүрбөлөң, башаламандык кыйроо, зорду-зомбулук, “эголордун” жарышы болуп жатканда адамзат дилин тазартам, адилеттикти орнотом-дегендик ишке ашпас кыял, кайталангыс түш эмеспи?! Адабиятчы А. Акматалиев: “Айтматов каргашалуу эмбрионду жарык дүйнөгө биротоло алып келгиси келбесе, Акматов эмбриондун ядролук термелүүсүн ыраатка келтирип, “Эго”, “Мен” деген өзүмчүл сезимди жөнгө салуу, түзөтүүгө болот дейт. Бул жагынан алганда айтматовдук көркөм-

[2] Акматов, К. (2007). Архат: Роман. Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.

идеялык традицияны акматовдук көркөм-идея гумандуулук менен улантып жатат. Жазуучулардын ой-жүгүртүүлөрү барып-келип жашоодо адам баласы бири-бирине залал келтирбей, касташпай жакшы тилек, ниет, дил менен таза, ак жашашса деген идеяга умтулууга такалат" (2007: 33).

Ч. Айтматов да, К. Акматов да чыгармаларында космостук байланыш аркылуу баш каармандарын адамдын улуу, ак жолуна түшүрүүгө далалат кылат. Ч. Айтматов Филофейдин космостон берген тапкыч нуру аркылуу негативдүү кассандро-эмбриондорду алдын ала жок кылууну сунуштайт. Адам коомун өлүмдөн, жамандыктан, генетикалык бузулуулардан, баңгиликтен, зорду-зомбулуктан сактоого аракеттенет. Адамзаттын түбөлүктүү жашоосун, жашоонун маңызын түшүндүрөт. Бирок келечекке карата түзүлгөн программага жалпы калк түшүнбөй, Филофейдин да, Борктун да ишине каршы чыгат. Боркту сүйрөп, койгулап, башын жарып өлтүрүшөт. Мурдагы негативдүү кассандро-эмбрион азыркы эки буттуу адам-айбандар адамзаттын түбөлүктүү жашоосуна толук ой жүгүртө алышпайт, анткени алар мыкаачылар, абийирсиздер, жоопкерсиздер. Эгосу бийик, өзүнүн кызыкчылыгы үчүн чуркаган Оливер Ордоктор! Эки буттуу адам-айбандар үчүн адамдын улуулугу, түбөлүктүүлүгү керек эмес. Өзүнүн кызыкчылыгы алдыда болуу керек, "Мендик" сезим аларда күчтүүлүк кылат. Ч.Айтматов кассандро-эмбриондорду коомдогу ыпластыкка каршы туруунун символу катары сүрөттөп, адамзатты ойлонууга чакырса, К.Акматов баланы тарбиялоого эмне үчүн болбосун?- деген маселени ортого коёт. К. Акматовдун Адилети Сириус багытында туулган ыйык бала. Адилет дайыма Сириустан келген сигналдын үнүн угууга муктаж болуп, көп кабаттуу үйлөрдүн алдындагы селкинчекке келе берчү. Селкинчектин кыйчылдаган үнү Адилеттин жан дүйнөсүнө абдан жакын. Автор каарманын Тибеттик ламаизм диний-философиялык окууга окутуп, үчүнчү көзүн ачтырат. Адилеттин үчүнчү көзүнүн ачылышы менен эми Адилет кадимки эле грек мифологиясындагы Кассандра болду. Жакшылык жамандыкты алдын ала билүүгө, адамдын оюн айттырбай окуп алууга жетишти.

"*Кассандра тамгасы*" романында да, "*Архат*" романында да канткенде адамдын рухий дүйнөсү тазарат, ажырымдай тамырланган тескери көрүнүштөрдөн, адилетсиздиктен, кара өзгөй мамиледен кутулат деген маселе өзөктүк проблема катары коюлат. Ч. Айтматов эненин курсагындагы негативдүү кассандро-эмбрионду космостон келген тапкыч нуру аркылуу алдын ала билип, аны жарык дүйнөгө тазаланып чыгышы кандай шартта болорун ойлонууга адамзатка чакырык таштаса, К.Акматов Сириустун жарыгы аркылуу Адилеттин үчүнчү көзүн ачуу менен ал аркылуу адам коомун тазалагысы келет. Ч.Айтматовдо да, К. Акматовдо да улутка, расага тиешелүү маселе каралбайт, жалпы адамзаттык маселе көтөрүлөт. Бул жарык дүйнөдө "Адам болуу", коомго, жаратылышка залал келтирбөө, адамдардагы адамдыкты көрө билүү өндүү учурдун олуттуу маселелери козголот.

Жыйынтыктап айтканда, троядык көзү ачык Кассандранын образын Ч. Айтматов эненин курсагындагы кассандро-эмбриондун жарык дүйнөгө келүүдөн баш тартканын алдын ала билдирүүсү менен берсе, К. Акматов Тибеттик ламаизм диний-философиялык окуунун натыйжасында үчүнчү көзү ачылган Адилет аркылуу берет. Кассандрага көзү ачыктык касиетти Аполлон тартууласа, негативдүү кассандро-эмбрионго космос монахы Филофей тапкыч нурун жиберет.

Адилетке болсо Сириустан келген жарык нур шоолаланып түшүп турат. Балким табияттын мындай сырдуу көрүнүштөрү чындап эле коомдун тазалануусуна себепкер болуп жүрбөсүн?!

Ч. Айтматов Кассандра тамгасынын сигнал белгиси аркылуу негативдүү түйүлдүктөн адам баласынын “маңдайына жазылган тагдырын” байкап билсе болот экен. Анын өмүр сүрүшү өзүнө эмес, биосфера менен геосферага тыгыз байланыштуу. Кассандро-эмбриондун сигнал-белгисин этибарга албоо – адамзат менен Ааламдын түбөлүктүүлүгүнө, өсүп-өнүгүшүнө кайдыгерлик мамиле жасоо менен барабар жана автор бул проблемасын фантастикалык версияда окурмандарына сунуштаса, илимде мунун гипотезасы аныкталып отурат. Илим дайыма искусствонун артынан шашып жүрөт дегендей, искусство чалгынчынын, идеяларды жаратуучунун милдетин аткарса, илим аларды акырындап материалдаштырып, реалдуу түрдө жүзөгө ашырат эмеспи. Буга факты катары Москва областынын Красногорск шаарындагы медициналык жана экологиялык технологиялар фондунун президенти В. Папоновдун билдирүүсүндө азыр окумуштуулар наристе жаңы төрөлгөндө киндик канын анализдеп туруп эле, анын келечекте ден соолугу кандай боло тургандыгын алдын ала айтыша алат экен. Мындан башка жаңы төрөлгөн балдардын ден соолуктары жердин түбүндөгү жаракаларга, литосфера менен атмосферанын ортосундагы газ алмашуунун абалына да байланыштуу. Табигый катаклизмдер көп күтүлгөн региондордо төрөлгөн наристелердин ден соолуктары да начар, алар курсакта жатканда эле өздөрүнүн алдында эмне күтүп турганын сезишет деп табышыптыр (Дүйшөнбаев, 2006: 16). Бул жерде кошумчалап кетчү нерсе, эмбриондордун же курсакта жаткан балдардын келечектеги тагдырларын алдын ала сезишип, түйүлдүк кездеринде эле анын комплексинде кала тургандыктары илимде эми гана боолголонуп жатса, айбанаттардын көпчүлүгүнүн табигый кырсыктарды алдын ала билише тургандыктарын окумуштуулар алда качан эле далилдешкен. Бул тууралуу Ч.Айтматовдун “*Кассандра тамгасында*” сүрөттөлгөн киттеринин иш аракеттери да айтып турат. Чыгармадан жаралган чындыктын турмушта реалдуулукка айланышы коомчулукту психологиялык жарылууга дуушар кылышы толук мүмкүн?!

Демек адамзат эмнени ойлонушу керек? Кыргыз элинин терең философиялуу ойлору бүгүн дагы бир ирет далилденип отурат. Элибиздин ой менен сөздүн эң бийик, ыйык синтезин көрсөткөн ташка тамга баскандай элестүү да, көркөмдүү да, маанилүү да терең асыл касиет-кереметтерди камтыган өмүр менен өлүмгө, Адам жана коомго байланыштуу нечендеген макал-лакаптар бар. Ушул ойдун, ушул сөздүн баарын ыйык адамзат жаратса, бүгүнкү күндүн эки буттуу айбаны аны тебелеп, эголордун жарышы менен жашап жатат. Адам цивилизациясы үзгүлтүксүз өнүгүүнүн жолунда болгону менен адамдык касиеттен ажырап олтурабыз. Кара курсак менен жашап, жан дүйнөнү унутуп баратабыз. Жан дүйнөнүн бөксөсүн толтуруп, өзүбүздөн адамдыкты табууга үндөөр элем. Адам эч убакта жалгыз жашабайт, коом менен бирге анын бир компоненти катары жашайт. Ошондуктан эголук сезимди азайтып, адамдан адамдыкты табуу, көрө билүү ар бирибиздин милдетибиз деп ойлойм!

**Колдонулган Адабияттар**

Абдылдажан, А (2007), “К. Акматов он төртүнчү теманы ача алдыбы?!”, Азыркы Адабият: Тарых жана мезгил (20-35- бет). Бишкек.

Айтматов, Ч. (1996). Кассандра тамгасы: Роман. (Которгон М.Төлөмүшев). Бишкек: Кыргызстан.

Акматов, К. (2007). Архат: Роман. Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.

Дүйшөнбаев, П. (2006, 3-6-февраль). Ч.Айтматовдун олуялыгы ырасталуудабы?. Кыргыз Туусу, 16-бет.

Асаналиев, К. (1995, 23-май). Асманда пайда болсо, экинчи күн. Кыргыз Туусу, 3- бет.